**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ
ЫЛАЙ-ТАЛАА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги I сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2024-жылдын 28 - марты, № 1/1 — Ылай-Талаа айылы.

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 2024-жылга перспективалык иш-планын бекитүү жөнүндө**

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 21.02.2024-жылдагы № 1/3 токтому менен кабыл алынган Регламентинин негизинде Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 2024-жылга түзүлгөн перспективалык иш-планынын долбоору боюнча айылдык Кеңештин жооптуу катчысы С.Осмоналиевдин берген маалыматын, туруктуу комиссиялардын төрагаларынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 2024-жылга түзүлгөн перспективалык иш-планы тиркемеге ылайык бекитилсин.
(тиркеме тиркелет).

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин төрагасынын орун басары М.Исабаевге тапшырылсын.

**Төрага** — **А.Кадыркулов**

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин ( VII чакырылыш) 28.03.2024-жылдагы кезектеги I сессиясынын жыйналышынын № 1/1 токтомуна № 1 тиркеме**

## Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин 2024-жылга түзүлгөн перспективалык иш планы

| № | Каралуучу маселе | Каралуучу айы | Сессияга даярдоочу жооптуу кызматкерлер | |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Айылдык Кеңештин депутаттарынын эл арасында жүргүзүп жаткан иштери боюнча отчетторун угуу | ар бир кварталда | Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 2 | Айыл аймагындагы жашаган калктын малдарын жугуштуу ооруларга каршы эмдөө,идентификациялоо жана жалпы эпизоотиялык абалды көзөмөлгө алуу боюнча айыл өкмөтүнүн 2024-жылга милдеттери жана ветеринардык сервистердин кызмат акы боюнча тарифтерин бекитүү жөнүндө. | март | Агрардык комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 3 | Жазгы талаа жумуштарынын абалы, жашылдандыруу жана көрктөндүрүү боюнча айыл аймагында жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы жөнүндө. | март | Агрардык комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 4 | Алыскы жана жакынкы жайыттарды, кайра бөлүштүрүү фондунун жерлерин иштетүү, пайдалануу боюнча бирдиктүү тарифтерди, жайлоого көчүү, көчүп келүү убактысын бекитүү жана жер саясаты боюнча айыл өкмөтүнүн 2024-жылга милдеттери жөнүндө | март | Агрардык комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 7 | Ылай-Талаа айыл аймагынын калкын пенсия, пособия маалымат менен тейлөөдө Ылай-Талаа айылдык байланыш бөлүмүнүн жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө | июль | Курулуш, транспорт боюнча комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары, айылдык байланыш бөлүмүнүн башчысы | |
| 8 | Айыл аймагында жашаган калкты таза суу,сугат суу менен камсыз кылууда жана таштандыларды ташып чыгууда айыл өкмөтүнүн жана "Ылай-Талаа Тазалык" МИнын 2023-жыл ичинде жүргүзгөн иштери жөнүндө | июль | Агрардык комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары, "Ылай-Талаа Тазалык" МИ жетекчиси | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 9 | Айыл аймагында кылмыштуулуктун алдын алуу жана ага каршы жүргүзүлүп жаткан иштер, ыксыз чыгымдарды азайтуу боюнча «Коомдук алдын алуу борборунун», аймактык инспектордун ,айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн комиссиялардын жана Аксакалдар Сотунун, Аялдар, Жаштар Кеңештеринин жер-жерлерде жүргүзгөн иштеринин абалы жөнүндө | июль | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү, аймактык инспектор, коомдук Кеңештер жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 10 | Айыл өкмөтүнүн алты айлык бюджетинин аткарылышынын абалы жөнүндө | июль | Бюджет боюнча комиссиянын мүчөлөрү жана ФЭБ башчысы | |
| 11 | Ылай-Талаа айыл өкмөтүнүн аймагындагы билим берүү мекемелеринин иш-аракеттерин камсыз кылуу боюнча айыл өкмөтүнүн жана билим берүү мекемелеринин жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө | октябрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 12 | Айыл өкмөтүнүн тогуз айлык бюджетинин аткарылышынын абалы жөнүндө | октябрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана ФЭБ башчысы | |
| 13 | Сырткы жана ички инвестицияларды тартууда айыл элинин социалдык-экономикалык абалын жакшыртууда айыл өкмөтүнүн жүргүзүп жаткан иштери жөнүндө | октябрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 14 | Айыл өкмөтүнүн аймагында жашаган элди электр энергиясы менен тейлөөнүн жүрүшү жана дебитордук карыздардын төлөнүшүнүн абалы жөнүндө | декабрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары | |
| 15 | Айыл аймагында жашаган калктын саламаттыгын сактоодо № 7,11 ҮДТ жана ФАПтардын жүргүзгөн иштеринин абалы жөнүндө. | декабрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү жана тиешелүү кызмат адамдары, №7,11 ҮБДТ-нун башчылары | |
| 16 | Эмгек коллективдерде жана айыл өкмөтүнүн аппаратында эмгек тартибин чыңдоо жана эмгек тартибин бузгандарга каршы жүргүзүлүп жаткан иштердин абалы жөнүндө | декабрь | Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү | |
| 17 | Айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө | декабрь | Туруктуу комиссиялар, ФЭБ башчысы | |

**Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин катчысы: С.Осмоналиев**